УДК 37:37:06 + 811
DOI 10.58649/1694-5344-2025-2-44-48

**БАЙТОКОВА А.С., КАЛИБЕКОВА Д.Т., БАЙТОКОВА Г.С.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**БАЙТОКОВА А.С., КАЛИБЕКОВА Д.Т., БАЙТОКОВА Г.С.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**BAYTOKOVA A.S., KALIBEKOVA D.T., BAYTOKOVA G.S.**
KNU J. Balasagyn

# ТИЛ – МАДАНИЯТТЫ ЖАНА УЛУТТУ САКТООНУН КУРАЛЫ

## ЯЗЫК – ИНСТРУМЕНТ СОХРАНЕНИЯ КУЛЬТУРЫ И НАЦИОНАЛЬНОСТИ

## LANGUAGE – A TOOL FOR PRESERVING CULTURE AND NATIONALITY

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада эне тил, улутту улут кылып турган негизги баалуулуктарынын бири экенине кайрылып, ар бир элдин кылымдардан келе жаткан байлыгы болгон, анын эне тили, маданиятты жана улутту сактоонун эң күчтүү куралы экендиги жөнүндө маселе каралат. Аталган темадагы макала бүгүнкү күндө эне тилдин баалуулугуна арналган маселелерди толук камтый алат. Өсүп келе жаткан жаш муунга таалим-тарбия берүүдө эне тилдин барк-баасын көтөрүү, эне тили ар бир улуттун жүрөгү экендигин таанытуу алардын жаркын келечеги үчүн абдан маанилүү болуп саналат. Ошол учурда гана ата-бабалардын бизге калтырган баа менен ченелбеген байлыгы, улуу мурасы болгон – эне тилин толук сактап кала алабыз. Учурда эне тилдин азыркы абалы жана кандай жолдор менен тилди, дилди жоготпостон сактап калуу жөнүндө көп кырдуу ой-пикирлер жана ошол эле учурда көп тилдүүлүк дагы жаш муундардын өсүп-өнүгүүсүндө маанилүү экендиги баса белгиленет. Аталган макаладагы негизги максат – тилди сактоо, өнүктүрүү жана кеңири колдонуу аркылуу улуттук маданиятты, тарыхты келечек муундарга өткөрүп берүүнү камсыз кылуу.

**Аннотация:** В статье рассматриваются мнения о том, что родной язык является одной из основных ценностей, формирующих нацию. Поднимается вопрос о том, что язык, являясь богатством каждого народа, передаваемым из поколения в поколение, является мощнейшим инструментом сохранения культуры и национальной идентичности. Данная статья полностью охватывает актуальные вопросы, связанные с ценностью родного языка. Поднятие статуса родного языка в процессе воспитания и образования подрастающего поколения, осознание того, что язык – это сердце каждой нации, играет важную роль в их светлом будущем. Только в этом случае мы сможем сохранить бесценное наследие наших предков – родной язык. В статье также рассматривается текущее состояние родного языка, обсуждаются различные способы его сохранения без утраты культурной самобытности. При этом подчеркивается, что многоязычие также играет важную роль в развитии молодого поколения. Основная цель данной статьи – обеспечить сохранение, развитие и широкое использование языка, чтобы передать национальную культуру и историю будущим поколениям.

**Abstract:** The article discusses the idea that the native language is one of the fundamental values that shape a nation. It raises the issue that language, as a wealth inherited by each nation through centuries, is the most powerful tool for preserving culture and national identity. This article fully covers contemporary issues related to the value of the native language. Elevating the status of the native language in the education and upbringing of the younger generation and recognizing that language is the heart of every nation is crucial for their bright future. Only in this way can we fully preserve the invaluable heritage left to us by our ancestors—the native language. The article also examines the current state of the native language, explores various ways to preserve it without losing cultural identity, and emphasizes that multilingualism also plays an important role in the development of young generations. The main goal of this article is to ensure the preservation, development, and widespread use of the language in order to pass on national culture and history to future generations.

**Негизги сөздөр:** баалуулуктар; эне тил; жаш муун; таалим-тарбия; улут; улуу мурас; көп тилдүүлүк.

**Ключевые слова:** ценности; родной язык; молодое поколение; воспитание; нация; великое наследие; многоязычие.

**Keywords:** values; native language; young generation; education; nation; great heritage; multilingualism.

"Эгер сиз адам менен ал түшүнгөн тилде сүйлөшсөңүз,
анын акылына жол табасыз, эгерде анын өз эне
тилинде сүйлөшсөңүз, анын жүрөгүнө жол табасыз".
Нельсон Мандела

Учурдагы ааламдашуу доорунда, ар түрдүү маданияттар менен тилдердин өз ара аралашып, ири тилдердин таасири күчөп турган учурда, эне тилди жана алар менен бирге улуттук маданияттарды сакталып калуу маселеси өтө курч жана актуалдуу болуп турат. Макаланын аты айтып тургандай тил – жөн гана сүйлөшүүнүн куралы эмес, тил – ар бир элдин дүйнө таанымын, тарыхын, каада-салтын, үрп-адатын, баалуулуктарын өзүндө сактоонун куралы же руханий казынасы десек болот. Улуттук тил жоголсо, аны менен кошо кылымдар бою калыптанган бай маданият да унутта калуу коркунучу бар экендиги буга чейин дүйнөдө салмагы жок, жоголууга дуушар болгон улуттардан жана тилдерден улам баамдай алабыз.

Тилекке каршы, ааламдашуу процесстери улуттук тилдерге, анын ичинде кыргыз тилине да өз таасирин тийгизбей койгон жок. Жаш муундар арасында башка ири тилдерде сүйлөөгө артыкчылык берүү, эне тилге маани бербөө менен өз эне тилинде таза сүйлөөдөгү кыйынчылыктар, орфоэпиянын эрежелерин так колдонбоо, мите сөздөрдүн киришинен улам мамлекеттик тилди колдонууда кыйынчылыктар сыяктуу көйгөйлөр коомдогу тил маселесинин актуалдуулугун арттырууда.

Ушундан улам, "Тил – маданиятты жана улутту сактоонун куралы" деген тема бүгүнкү күндө мурдагыдан да маанилүү болууда. Макала тилдин коомдогу фундаменталдуу ордун эске салып, анын улуттук иденттүүлүктү, маданий мурасты сактоодогу чечүүчү ролун ачып көрсөтүү менен, коомчулукту эне тилге аяр мамиле кылууга, аны ар тараптуу колдонууга жана өнүктүрүүгө үндөйт. Буга чейин улуу ойчулдар, жазуучулар Жусуп Баласагын, Махмуд Кашгари, Алыкул Осмонов, Чыңгыз Айтматов, Түгөлбай Сыдыкбеков ж.б.. өздөрүнүн эмгектеринде тилдин адеп-ахлак, билим жана башкаруудагы орду, тилдин тарыхы, лексикасы жана грамматикасы, тил менен мекендин байланышы жөнүндө фундаменталдуу эмгектерин калтырышкандыгы бизге белгилүү. Чет элдик окумуштуулардын тил жөнүндө пикирлерине кайрылсак, эң көрүнүктүү орунда белгилүү лингвист Вильгельм фон Гумбольдтту белгилеп кетүүгө болот. В.А.Панченко "Тилдин ички формасы – этникалык маданияттын өзгөчөлүгүн чагылдырган көрүнүш" – деген макаласында, немис элинин улуу окумуштуусу, көрүнүктүү лингвист Вильгельм фон Гумбольдт жөнүндө: “Изилдөөчүлөрдүн ичинен биринчилерден болуп тилдин мазмундук жагын элдин рухий турмушу, маданияты менен байланыштырган. Гумбольдт тилди, этностун мүнөзүн, анын психикалык түзүлүшүн, ой жүгүртүүсүн, өнөрүн, илимин, философиясын, тактап айтканда “элдин рухун”, анын дүйнө таанымын аныктоочу интеллектуалдык баалуулуктардын бүткүл комплексин чагылдырган кубулуштардын катарына кошот” [4 ].

БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан негизделген Эл аралык эне тил күнүнүн белгилениши жаш муундарды эне тилге маани берип, баалоонун алкагында тарбиялоону актуалдаштырат. Азыркы учур дүйнө жүзүндөгү айрым тилдердин жоголуп кетүү коркунучу сыяктуу көрүнүштөрдүн күч алуусу менен шартталууда. Мындай шартта ар бир өлкөдөгү атуулдар, анын ичинде жазуучулар, ойчулдар, окумуштуулар, мугалимдер тарабынан жалпы адамзаттык баалуулуктардын бир бөлүгү болгон тил тагдырына кайрылуу менен дүйнө жүзүндөгү элдердин тил байлыгын сактап калуу милдетин коюшууда. Бул өңүттөн алганда планетардык деңгээлдеги залкар жазуучу, улуу ойчул Чыңгыз Айтматовдун “Элдин өлбөстүгү – анын тилинде” деген таамай сөзүн эске алабыз. Улуу ойчул жалпы адамзаттык баалуулуктарга алардын ичинде тилдин баалуулугуна да терең маани бергендигин көрөбүз. Себеби, “Тил улут тагдыры, тарых эл тамыры” демекчи, ар бир улуттун тили анын тарыхын, маданиятын, каада-салтын жана үрп-адатын ал элдин урпактарына кылымдардан

кылымдарга сактап берет. Эне сүтү менен бүткөн эне тил жоголсо, дил жоголот, ал эми дил жоголсо бүтүндөй улуттун жоголуу коркунучу тураарын ар бир эле адам баласы аңдап туя алат. Өсүп келе жаткан жаш жеткинчектерге, студенттерге эне тилин кадырлоо, сыйлоо жаатында байма-бай иш-чаралардын өтүп туруусу зарыл деп белгилөөгө болот. Ошол учурда гана ата-бабалардын бизге калтырган табериктерин: улуу мурасын; Ата журтубузду; элдин тилин; каада-салтын; үрп-адатын; дилин сактап кала алабыз [1]. Учурда массалык маалымат каражаттарында Эл аралык эне тил күнүнө арналган ар түрдүү тынчысызлануулар менен коштолгон макалалар интернет булактарында жана башка басылмаларда жарык көрүүдө, алардын биринде эне тилдин учурдагы абалы жана анда келтирилген төмөндөгүдөй фактыларды көрүүгө болот.

БУУнун маалыматы боюнча бүгүнкү күндө дүйнөдө 7000дей тил бар жана алардын 45% ти жок болуу коркунучунда турат. Билим берүү тутумунда жана мамлекеттик башкарууда бир нече жүз тил гана олуттуу орун ээлейт, ал эми санариптик технологиялар чөйрөсүндө жүздөн да аз тил колдонулат. Учурда дүйнө жүзүндөгү адамдардын 40% өздөрү сүйлөгөн жана түшүнө алган тилинде билим алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес, айрым региондордо бул көрсөткүч 90%га чейин жетет [2]. Адистердин айтымында, эне тилинде билим берүү окуучулардын билим алуу жыйынтыктарына оң таасирин тийгизет, алардын өзүн-өзү баалоосун жогорулатып, критикалык ой жүгүртүү жөндөмүн жакшыртат. Демек, өз эне тилинде окутуу билим берүү системаларында өзгөчө мааниге ээ, анткени ал материалды жакшыраак түшүнүүгө, окуучулардын кызыгуусун арттырууга жана ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

"Эгер сиз адам менен ал түшүнгөн тилде сүйлөшсөңүз,анын акылына кайрыласыз, эгерде анын өз эне тилинде сүйлөшсөңүз, анын жүрөгүнө кайрыласыз" – деп Нельсон Мандела белгилегендей, жогорудагыдай изилдөөлөр, билим берүүдө эне тилди колдонуунун артыкчылыктарын көрсөтүп турат, эне тилинде билим алууга мүмкүнчүлүк көбүрөөк пайызды түзгөндө окуунун натыйжалары жакшырып, өзүн-өзү баалоо сезими жогорулап, ой жүгүртүүнүн ийкемдүүлүгү өсүп-өнүкмөк, себеби калктын көпчүлүк пайызы өз эне тилинде ой жүгүртөт. Өз эне тилинде ой жүгүртүү жана аны көздүн карегиндей сактоо, муундан муунга ата-бабадан бери келе жаткан таалим-тарбияны өткөрүп берүүгө өбөлгө түзөт.

Ал эми көп тилдүү окутуу муундар арасында пикир алмашууга жана башка элдердин маданиятын түшүнүүгө көмөктөшөт. Көп тилдүү билим берүү, окуучуларга башка бир тилди үйрөнүүгө жардам берүүдөн тышкары, билим берүү менен маданияттын ортосундагы тереңирээк байланышты камсыздайт жана бул инклюзивдүү жана адилеттүү коомдорду түзүүгө өбөлгө түзөт.

Алгач ЮНЕСКО тарабынан жарыяланган жана кийинчерээк БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан бекитилген Эл аралык эне тил күнү тилдердин туруктуу өнүгүү максаттарына жетүүдөгү ролун баса белгилейт. 2024-жылдагы "Көп тилдүү билим берүү: окутуунун жана муундарга өтүүнүн негизи" темасында белгиленгендей көп тилдүү билим берүү саясаты жергиликтүү тилдерди сактоо үчүн абдан маанилүү экендигин көрсөтүүдө. Эл аралык эне тил күнү жыл сайын тилдик жана маданий көп түрдүүлүктү жана көп тилдүүлүктү өнүктүрүү максатында белгиленет. Бирок ошондой болсо да көп тилдүү жана көп маданияттуу коомдор салттуу билимдерди жана маданияттарды туруктуу түрдө өткөрүп жана сактап турган өз тилдери аркылуу жашайт. Тил – байланыштын негизги каражаты болуп, көп маданияттуу жана көп тилдүү адамдардын топторунун тынчтыкта жана ынтымакта жашоосун камсыз кылууда олуттуу салым кошот.

Профессор Н.А.Асипованын пикиринде ааламдашуунун шартында жаштарды жана келечек муундарды социалдык жактан калыптандырууда эки негизги таалим-тарбиялык маселе алдыга чыгат дейт.

- Биринчиси, түпкү тамырынан улам алыстап бара жаткан муундун этникалык, улуттук идентүүлүктүн эс тутумун сактап калуу жана калыптандыруу;
- Экинчиси, кайтарылгыс тенденцияга айланган ааламдашуунун алкагында маданияттар кесилишинде жаштарды көп маданияттулук, көп тилдүүлүк, көп диндүүлүк шартында жашап, иштеп, карым-катнаш түзө билүүгө үйрөтүү маселеси [ 3].

Азыркы мезгилде жаш муундарга билим-тарбия берүүдө көп тилдүүлүктү жана көп маданияттуулукту ар тараптуу кабыл алуу гана бардык тилдерге ааламдашуу каптаган дүйнөдө өз ордун табууга мүмкүндүк берет.

Көп тилдүү жана көп маданияттуу коомдор салттуу билимдерди жана маданияттарды туруктуу түрдө өткөрүп жана сактап турган өз тилдери аркылуу жашайт. Ар

бир улуттун тили өүнө тааныш жана табигый көрүнөт. Биз сүйлөгөн тил биздин жашообуздагы ролу жөнүндө ойлонуп көрө турган болсок, алда канча биз ойлогондон да анын канчалык маанилүү экенин көрөбүз. Себеби, тил бизге ата-бабаларыбыздын даанышмандыгын, тарыхыбыздын барактарын барактоодо, бири-бирибизди түшүнүүгө, билим, пикир алмашууга дайыма жардамчы болот ал эми көп тилдүүлүк чыгармачылык долбоорлордо баарлаша ала тургандар менен көпүрө болууга, байланыш түзүүгө жолугушууга шарт түзүп, бүгүнкү доордогу көптөгөн долбоорлорду ишке ашырууга, алака, мамилелерди түзүүдө жардамга келмекчи.

Көз карашыбызды, дүйнө таанымыбызды кеңейтүү максаты менен биз ар кандай тил дерди үйрөнө алабыз. Бул биздин мамлекетибиздин жана башка мамлекеттердин ар кандай аймактарында жашаган элдеринин маданияты менен таанышууга мүкүндүк берет. Бирок ошол эле учурда эне тилде канча адам сүйлөбөсүн, аны коргоо маанилүү. Эне тилибизге аяр мамиле жасап, аны менен сыймыктануубуз керек, анткени ал биздин ата-бабаларыбыздын миңдеген үнүн бириктирип, алардын мураска калтырган билимин турмуш тажрыйбасын сактап келет.

Эне тилибиз – бул биздин дүйнөгө карай терезе сыяктуу дүйнөнүн эшигин ачкан, ааламдын бардык байлыгын, ар түрдүүлүгүн көрүүгө мүмкүнчүлүк берген жол көрсөткүч. Демек, эне тилибиз – бул дүйнөнү таануунун, андагы болгон ар кыл нерселерди, кубулуштарды түшүнүүнүн ачкычы. Бул жагдайларды эске алганда, учурдагы мектеп окуучуларына билим берүүдө эки нерсеге басым жасоо маанилүү: биринчиден, билимди эне тилинде бекем берүү; экинчиден, аларга акырындык менен башка тилдерди да үйрөтүү. Мунун себеби, башка тилдерди билүү дүйнөнүн кең ааламына жол ачып, окуучунун келечегине жаңы багыттарды белгилөөгө өбөлгө түзөт жана окуучу үчүн жаңы багыттарга чыйыр салууга мүмкүнчүлүк берет.

Макаланын аталышында камтылган "Тил – маданиятты жана улутту сактоонун куралы" деген пикир терең чындыкты туюндурат жана ар бир улут үчүн эң маанилүү маселелердин бири болуп саналат. Тил – бул жөн гана адамдар ортосундагы баарлашуунун механикалык каражаты эмес. Ал – улуттун тамыры, анын тарыхынын, маданиятынын, менталитетинин жана дүйнө таанымынын чыйыры. Тил аркылуу муундар ортосундагы байланыш түзүлүп, ата-бабалардын акылмандыгы, турмуштук тажрыйбасы жана рухий байлыгы кийинки муундарга өткөрүлүп берилет. Ушундан улам тил маданиятты кантип сактайт деген суроого туулат? Ал өзүнө элдик оозеки чыгармачылыкты – жомокторду, эпосторду, дастан, ырларды, макал-лакаптарды, табышмактарды сиңирет. Улуттук каада-салттар, үрп-адаттар, ырым-жырымдар жана жөрөлгөлөр тил аркылуу жашап, аткарылат. Ар бир айтылган сөз аркылуу элдин турмуштук философиясын, жашоого болгон көз карашын, ички сезимдерин жана баалуулуктарын чагылдырып берсе болот. Тил жоголсо маданий мурастын эбегейсиз зор катмарларына доо кетүү менен жоголуу коркунучуна дуушар болот.

Тил улутту сактоонун да негизги пайдубалы болуп саналат, себеби өлкөнүн суверендүүлүгүнө да тилдин туруктуулугу дагы түздө-түз таасирин тийгизет.

Ошондуктан, эне тилди сактоо жана өнүктүрүү – бул ар бир жарандын, үй-бүлөнүн, коомдун жана мамлекеттин ыйык милдети. Башка тилди билбеген уят эмес, өз эне тилин билбеген уят демекчи эне тилди сыймыктануу менен бардык жерде:илимде, жөнөкөй жашоодо, маданиятта, жогорку окуу жайларда, мектептерде кеңири колдонуу зарыл.

“Инсан өзүнүн улуттук топурагына, бир боор кыртышына тамырын бекем житирип, ошол жактан энергия күч кубат алып тура турган болсо, анда анын рухий саламатчылыгы жайында болот” – деп окумуштуу-педагог С.Байгазиев инсанды энергия менен камсыз кылып турган анын терең тамыры экендигине терең  маани берет [1,305-б]. Демек, жаш муундардын башка тилдерди билүү менен бирге өз эне тилин жана ата тегин таануусу үчүн эне тилге негизделген сапаттуу билим берүүгө кадам жасоо – өтө маанилүү экендигин көрөбүз.

Жыйынтыктап айтканда, тил – бул улуттун жашоосунун өзөгү. Тил – бул жөн гана баарлашуу каражаты эмес, ал улуттун жүрөгү, дүйнөдөгү ордун сактоонун символу. Ал канчалык күчтүү, бай жана колдонууда болсо, улут ошончолук туруктуу, маданияты ошончолук жандуу болот. Тилди сактоо – азыркы учурда аң-сезимдүү аракеттердин бири болууга тийиш, себеби ошол улуттун тарыхын, салт-санаасын, дүйнө таанымын жана жалпы инсандык мурастарын муундан-муунга өткөрүп берүүдө өзгөчө мааниге ээ. Ошентип, тилди сактоо аркылуу коом маданий байлыгын көбөйтүп, келечек муун үчүн улуу мурастарды сактап калат жана көп тилдүү билим берүү

үстөмдүк кылбаган, эне тилге негизделген билим берүү, түпкү улуттун тилинде сүйлөө, жергиликтүү калктын дүйнө жүзүндө жоголуп кеткен элдердин катарын толуктоо коркунучунан сактап турат деген терең ишенимди айтууга болот.

### Колдонулган адабияттар

1. Байтокова А.С. Жаш муундарды калыптандыруудагы элдик педагогиканын ролу // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. – Бишкек, 2023, №2, 303-б.

2. Международный день родного языка. – Режим доступа: https://news.un.org/ru/story/2024/02/1449702

3. Асипова Н.А., Карабалаева Г.Т., Калибекова Д.Т. Көп маданияттуу билим берүү. – Бишкек, 2022, 6-б.

1. Панченко В.А. Вильгельм фон Гумбольдт: Внутренняя форма языка как отражение самобытности этнической культуры // Известия РГПУ им. А.И. Герцена, 2010, №124, с. 396-401. – URL: https://cyberleninka.ru/article/n/vilgelm-fon-gumboldt-vnutrennyaya-forma-yazyka-kak-otrazhenie-samobytnosti-etnicheskoy-kultury (дата обращения: 29.04.2025)

**Рецензент: к.п.н., доцент Таирова К.А.**